**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ШААРЫНЫН**
**П Р О К У Р А Т У Р А С Ы**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**П Р О К У Р А Т У Р А**
**ГОРОДА ОШ**

714000, Ош шаары, Моминова көч.6.
телефон: +996 (3222) 2 1659 факс. (3222) 2 41 53
e-mail. cityosh@prokuror.kg
БИК 440001, э/э № 4407011101004464
ОКПО 23460514, ИНН 00502200410021

714000, город Ош, ул.Моминова 6
телефон. +996 (3222) 2 1659 факс: (3222) 2 41 53
e-mail: cityosh@prokuror.kg
БИК 440001, р/с № 4407011101004464
ОКПО 23460514, ИНН 00502200410021

13.03.21 № 11-1/р-207-21

На № ________ от ________

Кыргыз Республикасынын
Шайлоо жана референдум
өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясынын төрайымы

**Н.К.Шайлдабековага**

Көчүрмөсү: "Тилектештик" саясий
партиясынын төрагасы

**Т.Келдибаевге**

Сизге, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамынын 42-бер. 1-бөлүмүндө, шайлоо процессинин субъекттеринин шайлоо укуктарын бузган шайлоо комиссияларынын алардын кызмат адамдарынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиктери) жогору турган шайлоо комиссиясына даттанылат деп көрсөтүлгөндүгүнө байланыштуу, "Тилектештик" саясий партиясынын төрагасы Т.Келдибаевдин Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясы тарабынан каттоого албай койгон чечимине карата жазган арызы караштуулугу боюнча кароо үчүн жиберилет.

Кароонун жыйынтыгы тууралуу мыйзамда көрсөтүлгөн мөөнөттөн кечиктирбестен кайрылуу кат ээсине жазуу түрүндө билдириңиз.

Экинчи дарекке маалымат иретинде.

**Тиркеме:** кайрылуу кат 3 баракта.

Ош шаарынын прокурору **С.Абдылдаев**

Атк.:О.Жүжүров

# ЧЕЧИМ №__14_

## «Тилектештик» саясий партиясынан Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына көрсөтүлгөн талапкерлердин тизмеси жөнүндө

Ош шаары 2021-жылдын 11-марты

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 49, 53-беренелерин, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 20- беренесин жетекчиликке алып, жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлердин документтерин кабыл алуу жана текшерүү боюнча жумушчу топтун корутундусунун негизинде, Ош аймактык шайлоо комиссиясы,

## ЧЕЧИМ КЫЛАТ:

1. «Тилектештик» саясий партиясынан Ош шаардык кеңешинин депутаттыгына көрсөтүлгөн тизмесиндеги талапкерлердин талапка ылайык документтерин тапшырбагандыгынын негизинде талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартылсын.

**ОШ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН ТӨРАГАСЫ** **Ж.Кадыров**

**ОШ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КАТЧЫСЫ** **М.Нурмамбетова**

FROM : FAX NO. :

ПОЛИТИЧЕСКАЯ ПАРТИЯ
**ТИЛЕКТЕШТИК**
САЯСИЙ ПАРТИЯСЫ

Кыргыз Республикасы, Ош шаары Гастелло көчөсү №1 «а»,9 кв

*Чыгыш № 06/03*
*2021-жыл 13-марть*

**Ош шаарынын прокуратурасына**

# АРЫЗ

Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 11-мартындагы №14 чечимине макул эмесбиз.Чечим негизсиз жана мыйзамсыз-деп эсептейбиз. Биздин партия Ош шаардык кеңешине болгон шайлоо өнөктүгүнө катышуу үчүн каттоодон өткөн. Кыргыз Республикасынын Жергиликүү кеңештерге шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарга ылайык тийиштүү талапкерлердин документтерин Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясына тапшырганбыз.

Тактап айтканда партия оз жыйнында 75 талапкерди көрсоткон,анын ичинен 52-талапкердин тийиштүү документерин тактап, Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясына тапшырылган. Талапкерлердин документтерин бирден,кайра кайра карап,текшерип кабыл алышкан жана каттоо журналына кирип кылышкан. Бизге эч кандай тапшырылган 52 документтер боюнча кемчиликтер айтылган эмес. Ал эми 23 талапкердин документтерин айрым бир кемчиликтери менен тапшыргандбыз.

Партиянын окулуно 2021-жылдын 10-мартына кыска аралыктын ичинде кээ бир кемчилдикдерди толуктап тапшырууну айтышкан..Ошол учурда бизде убакыт калбай калган мезгилде 10-март күнү саат 19.00 до мурунку тапшырган 52 талапкердин документтеринде мындай кемчилдиктер бар,11-март саат 12.00 чейин толуктап келгиле деп бизди тунгуюкка такашты.

Баса айтканда Каримова Айчолпон арыз Форма 11,паспорт көчүрмөсү Жаныбекова Мунара билими, паспорт кочүрмосү, Акматов Мырзабек билими,паспорту,форма 11 , Айдаркулов Бекмамат паспорту ,билими жок:ушул сыяктуу кемчилдиктерди келтиришкен. Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясы кээ бир талапкерлердин документтери толук эмес дегенине ишенбей жатабыз, шайлоо комиссиясынын мүчөөлөрүнүн шаалакылыгынан жоголуп, же кара сантайлык менен тапшырылган докменттердин кээ бирлерин жоголушуна күнөөлү деп эсептейбиз.

Бирок биз тапшыраар алдында, комиссия документтерди кабыл алып жаткан учурда мындай мүчүлүштөр, жетишпген документтер айтылган эмес.Баардыгы толугу менен мыйзамда корсөтүлгөндөй бирден, кайра-кайра текшерилип, кабыл алышкан, кээ бир талапкерлердин документтерин атайлап жоготушкан, документтер сакталуучу сейфтери жок. Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын жоопкерчиликсиздигинен, шалаакылыгынан ушундай корүнүштөр болууда.

Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлорүнүн шалаакылык, жоопкерсиздик мамилелеринен «Тилектештик» партиясы шайлоодон четтетилип отурат.

Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 11-мартындагы №14 чечиминде негиз кылган Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү» мыйзамынын 49-беренесин туура эмес колдонгон, ал эми 53-беренесинин 1-бөлүкчөсүнө ылайык талапкерлердин тизмесин каттоо үчүн саясий партиялар шайлоо күнүнө чейин 40 календардык күн калганда кечиктирбестен тийиштүү документтерди берет-деп көрсөтүлгөн.

Ушул эле берененин 2-бөлүкчөсүнө ылайык 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн документтерди алгандыгы боюнча партиянын өкүлүнө жазуу жүзүндө ырастама берүү милдеттендирилген, Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясы андай ырастама берген эмес. Мыйзамдын 53-беренеси одоно түрдө бузулган, Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндөгү» мыйзамынын 53-беренесине ылайык шайлоого чейин 40 календардык күн калганда чечим кабыл алуу мыйзамдуу болмок, бирок Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 11-мартындагы №14 чечими,шайлоого 30 календардык күн калганда негизсиз жана мыйзамсыз чечим чыгарып жатышат.

Мындан сырткары Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 11-мартындагы №14 чечиминде Кыргыз Республикасынын «Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары» жөнүндөгү мыйзамдын 20-беренесин жетекчиликке алган, Ош аймактык шайлоо комиссиясынын көрсөтүлгөн 20-беренеси, Тилекташтик партиясын шайлоодон четтетүүгө негиз боло албайт. Ош аймактык шайлоо комиссиясынын кызмат абалынан кыянаттык менен пайдаланды- деп эсептейбиз.

Шайлоодон Тилектештик партиясынын тизмесин эмес, документтери толук эмес айрым талапкерлерди тизмеден чыгарса негиздүү жана мыйзамдарга ылайык келет болчу.

Жогорудагылардын негизинде Ош аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 11-мартындагы, негизсиз №14 чечимине жана башка мыйзамсыз иш аракеттерине укуктук жактан баа берүүнүздөрдү суранабыз.

Тиркелет: *Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын 2021-жылдын 11-мартындагы №14 чечиминин көчүрмөсү.*

**«Тилектештик» саясий партиясынын торагасы** **Т.КЕЛДИБАЕВ**

*тел: 0550-262-777*
*0773-129-000*
*0552-07-84-00*